1. <u>**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт)**</u>

- **Системалуу мааниге ээ төлөм системасынын (СЗПС) ишине мониторинг жана ага талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү**

**1.1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын (мындан ары - эсептешүүлөрдүн гросстук системасы) ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 2015-жылдын 2-чейрегинде катышуучулардын орто күндүк ликвиддүү каражаттарынын көлөмү өткөн чейрекке салыштырганда 8,79 пайызга төмөндөгөндүгү, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 38,15 пайызга көбөйгөндүгү байкалган. Эсептешүүлөрдүн гросстук системасында ликвиддүүлүктүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн мааниси 16,65 млрд сомду түзгөн.


1-график. ГСРРВ системасында финансылык тобокелдиктердин деңгээли


Отчеттук мезгил ичинде системанын катышуучуларынын жигердүүлүгүнүн төмөндөөсү байкалган. Системадагы жүгүртүүлөр 355,8 млрд сом чегинде түптөлгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 12,72 пайызга төмөн. Мындай төмөндөө, автоматизацияланган тоорук системасы (АТС) аркылуу өткөн операциялардын санынын жана көлөмүнүн азайышы менен шартталган.

Системадагы жүгүртүү көрсөткүчү өткөн отчеттук мезгилге салыштырмалуу 0,34кө чейин (3,69 пайызга) азайган.


2-график. ГСРРВдагы ортокүндүк төлөмдөрдүн көлөмү жана ликвидүүлүк көрсөткүчтүн өзгөрүү динамикасы


Төлөмдөр көлөмүнүн системадагы ликвиддүүлүк деңгээлине карата катышына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн негизинде, системадагы <u>*финансылык тобокелдик деңгээли*</u> ликвиддүү каражаттардын жүгүртүү көрсөткүчү жогорку деңгээлде сакталгандыгынан улам, ал минималдуу бойдон калган катары белгиленген.

Системада орун алышы ыктымал болгон финансылык тобокелдиктердин дагы бир көрсөткүчү катары катышуучулардын төлөмдөрүнүн кезекке туруп калышы саналат, ал катышуучунун Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинде акча каражаттарынын жетишсиз болушу менен шартталат. Отчеттук мезгил ичинде эсептешүүлөрдүн гросстук системасында кезекке турган 1 367,52 млн сом суммасындагы 2 катышуучунун 6 төлөмү катталып, алар жалпы 1 саат 45 минутаны түзгөн. Бул төлөмдөр кезекте 30 минута чегинде кармалып калгандыктан, ГСРРВ системасынын катышуучулары менен Улуттук банк ортосунда түзүлгөн Башкы келишимдин шарттарын бузуу болуп саналбайт.


3-график. Кезекке туруп калган төлөмдөрдүн саны жана суммардык мөөнөтү


<u>*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:*</u> Кезекке туруп калган төлөмдөр башка катышуучуларга финансылык тобокелдиктерди жараткан эмес, анткени бул төлөмдөр катышуучулардын корреспонденттик эсептериндеги акча каражаттары убактылуу жетишсиз болгондугуна гана байланыштуу болгон (банктар каражаттардын ГСРРВнын башка катышуучуларынан түшүүсүн күткөн). Айрым катышуучулардын ликвиддүүлүгү жетпеген учурда, системанын эрежелерине ылайык бул төлөмдөр операциондук күн аяктаганда автоматтык түрдө четке кагылат.

*Системада орун алган операциялык тобокелдиктер*. Эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын ишине талдап-иликтөөлөр, тобокелдик фактору болуп саналган операциялык күндү узартууну эске алсак, 2015-жылдын 2-чейрегинде жеткиликтүүлүк көрсөткүчү[1] 100,00 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда системадагы операциялык тобокелдиктин деңгээли 3,26 пайызды түзгөн (өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 1,48 пайыздык пунктка жогору). Бул көрсөткүчтүн мааниси, катышуучулардын өтүнүчүнүн негизинде системанын ишин узартуунун натыйжасында системанын иш регламентинин бузууга жол беришинен улам келип чыгат. Узартуулардын суммардык убактысы 18 саатты, алардын ичинен максималдуу убакыт – 2 саат 50 минутаны түзгөн (2015-жылдын 30-июнунда).

**4-график. Эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**





Бул бузууга жол берүүлөр Улуттук банктын тарифтик саясаты жана Улуттук банк Башкармасынын ар бир айдын акыркы 3 күнү ичинде бюджеттик төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча атайын чечими аркылуу жөнгө салынат.

## 1.2. Пакеттик клиринг системасы (СПК)

*Пакеттик клиринг системасындагы финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде дебеттик таза позициянын белгиленген акча каражаттарын резервинен арткандыгына байланыштуу фактылар системада катталган эмес, бул катышуучулардын ликвиддүүлүгүнүн жетиштүү деңгээлин түшүндүрөт.

Төмөнкү графикте көрсөтүлгөндөй, банк-катышуучулар СПК ичинде акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан көбүрөөк каражаттарды резервге коюшууда.

**5-график. 2015-жылдын 2-чейреги үчүн дебеттик таза позициянын жана анын СПКда ордун жабууга карата камдын суммардык маанисинин катышы (млн сом)**




Ошентип, отчеттук мезгил ичинде катышуучулар тарабынан дебеттик таза позициясын ордун жабууга коюлган кам талап кылынган ликвиддүү каражаттардын деңгээлинен 4,4 эсе ашкан.

Пакеттик клиринг системасы тарабынан четке кагылган төлөмдөрдүн саны жалпы 253,1 млн сом суммасына 4 050нү түзгөн (системада иштелип чыккан төлөмдөрдөн 0,50 пайыз), (иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнөн 1,05 пайыз). Кайталанган референстер менен төлөмдөр четке кагылган төлөмдөрдүн негизги себебинен болгон.

---

[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти - бул, системанын пайдалануучулары үчүн алардын талаптары боюнча кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык кемчиликтерден, электрэнергиясынын өчүрүлүшүнөн, системанын операциялык күнүнүн кеч ачылышынан же эрте жабылышынан улам системадагы үзгүлтүктөр системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

1-таблица. Пакеттик клиринг системасында система тарабынан четке кагылган төлөмдөрдүн бөлүштүрүү түрлөрү

| Себептери | 2014-ж .2-чей. | | 2015-ж .1-чей. | | 2015-ж .2-чей. | | Өсүш (%) | | Абсолюттук түрдө | | Үлүш (%) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | көлөмү | саны | көлөмү | саны | көлөмү | саны | көлөмү | саны | көлөмү | саны | көлөмү | саны |
| | (млн. сом) | (шт.) | (млн. сом) | (шт.) | (млн. сом) | (шт.) | (%) | (%) | (млн. сом) | (шт.) | | |
| Бардыгы | 477,5 | 8 700 | 181,0 | 3 323 | 253,1 | 4 050 | -47,0 | -53 | -224,4 | -4 650 | 100,0 | 100,0 |
| Субкатышуучунун туура эмес коду | 18,8 | 705 | 4,7 | 191 | 22,7 | 879 | 20,8 | 25 | 3,9 | 174 | 9,0 | 21,7 |
| Туура эмес эсеп | 78,7 | 1 263 | 33,3 | 530 | 65,5 | 863 | -16,7 | -32 | -13,2 | -400 | 25,9 | 21,3 |
| Төлөмдүн туура эмес коду | 28,7 | 804 | 51,6 | 1 405 | 45,2 | 858 | 57,7 | 7 | 16,5 | 54 | 17,9 | 21,2 |
| Кайталанган референс | 278,4 | 5 351 | 15,0 | 557 | 47,7 | 1 176 | -82,9 | -78 | -230,7 | -4 175 | 18,8 | 29,0 |
| Төлөмдүн суммасы максималдуу маанинен ашуусу | 56,0 | 27 | 54,7 | 26 | 43,2 | 20 | -22,9 | -26 | -12,8 | -7 | 17,1 | 0,5 |
| Башка төлөмдөр | 17,0 | 550 | 21,8 | 614 | 28,9 | 254 | 70,1 | -54 | 11,9 | -296 | 11,4 | 6,3 |
| Жалпы иштелип чыккан төлөмдөр | 25 224,5 | 825 757 | 19 491,9 | 660 893 | 24 083,3 | 805 912 | | | | | | |
| Четке кагылган төлөмдөрдүн иштелип чыккан төлөмдөргө карата үлүшү | 0,0 | 1,05% | 0,0 | 0,50% | 0,0 | 0,50% | | | 0,0 | -0,55% | | |

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*. 2015-жылдын 2-чейрегинде СПКнын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгында, системадан пайдалануу көрсөткүчү 100 пайызды түзгөн. Бирок системадагы операциялык тобокелдик деңгээли иш регламенти бузулгандыгына байланыштуу, 0,61 пайыз чегинде түптөлгөн. Катышуучулардын системанын иштөө мезгилин узартуусунун суммардык убактысы 2 саат 25 минутаны, алардын ичинен эң узак мөөнөтү – 30 минутаны түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* **олуттуу тобокелдиктер катталган эмес**. СПКнын ишинде техникалык үзгүлтүктөр байкалган эмес.




- **Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасынын ишине талдап-иликтөөлөр**

### 1.3. «Элкарт» улуттук төлөм системасы

*Системадагы операциялык тобокелдиктер.* Маанилүү төлөм системаларынын ишине кезектеги мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, *«Элкарт» улуттук төлөм системасында* жеткиликтүүлүк деңгээли 2015-жылдын 2-чейрегинде 99,49 пайызды түзгөн. Системадагы убактылуу үзгүлтүктөргө байланыштуу операциялык тобокелдиктер 0,51 пайызды түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* үзгүлтүктөр негизинен олуттуу эмес мүнөзгө ээ болгон.




### 1.4. Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасындагы алдамчылык жолу менен ишке ашырылган транзакциялар

Коммерциялык банктардан Мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык регулятивдик отчетторунун алкагында алынган маалыматтарга жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн натыйжасында, төлөм карттары менен эсептешүү системаларында 2015-жылдын 1-чейреги ичинде 85 шектүү операция катталган (эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу менен 70 жана «Элкарт» карттары менен - 8 транзакция, MasterCard – 6 транзакция жана система жөнүндө маалыматтар көрсөтүлбөгөн бир ак пластик табылган). Алардын ичинен алдамчылык жолу менен ишке ашырылган транзакция катары Visa&MasterCard эл аралык төлөм системалар боюнча жалпы 502 354,34 сом суммасына 38 транзакция каралган.

2-таблица. Банктык карттарды пайдалануу менен алдамчылык ыкмалары тууралуу маалыматтар

| Алдамчылык ыкмасы | 2014-ж. 4-чей. | | 2015-ж. 1-чей. | | 2015-ж. 2-чей. | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) |
| Жасалма төлөм карттар: | 2 | 42 000,00 | - | - | 2 | - |
| -MasterCard | - | - | - | - | - | - |
| -Visa | 2 | 42 000,00 | - | - | 2 | - |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - |
| Жоготулган, уурдалган, унутулуп калган төлөм карттар: | - | - | - | - | 4 | 160 000,00 |
| -MasterCard | - | - | - | - | 1 | 30 000,00 |
| -Visa | - | - | - | - | 3 | 130 000,00 |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - |
| Почта, телефон, интернет аркылуубуйрутма берүү (скимминг): | 2 | 5 753,36 | 16 | 397 578,29 | 26 | 208 101,24 |
| -MasterCard | - | - | - | - | - | - |
| -Visa | 2 | 5 753,36 | 16 | 397 578,29 | 26 | 208 101,24 |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - |
| Башка транзакциялар: | 55 | 1 594 287,36 | 41 | 652 205,21 | 6 | 134 253,10 |
| -MasterCard | - | - | - | - | 3 | 41 161,47 |
| -Visa | 55 | 1 594 287,36 | 40 | 649 705,21 | 3 | 93 091,63 |
| -Элкарт | - | - | 1 | 2 500,00 | - | - |
| Жыйынтыгында: | 59 | 1 642 040,72 | 57 | 1 049 783,50 | 38 | 502 354,34 |


Финансылык жоготуулардын орун алышынын негизги себеби катары алдамчылардын скимминг жабдууларын колдонуу менен карттарды окшоштуруп жасоосу жана Интернет түйүнүндө жигердүү иш алып баруусу болгон. Финансылык тобокелдиктерге алып келген маанилүү себептердин бири карт ээлеринин коопсуздук эрежелерин сактабагандыгы жана банк-карт эмитенти менен түзүлгөн келишим шарттарын бузгандыгы саналат (мында, үчүнчү жактардын төлөм картынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү чектелген эмес, ПИН-коддун купуялуулугу жана сакталышы камсыз кылынган эмес).

Башка шектүү операциялар өз учурунда аныкталып, система тарабынан четке кагылган. Банктар финансылык жоготууларга учураган эмес.

- **<u>SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн ишине контролдук</u>**

*<u>Системадагы операциялык тобокелдиктер</u>*. 2015-жылдын 2-чейреги ичинде системадан пайдалануу деңгээли 98,76 пайызды түзгөн (жогору). Билдирмелер жана түйүн ичиндеги жагдайлар катталган журналдын архивин түзүүнүн пландык алдын алуу иштери, резервдик сервердин ишин камсыздоо максатында <u>жарым жылда бир</u> жолу негизги жана резервдик сервер ортосунда жүргүзүлүүчү SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүн которуу боюнча иштер SWIFT түйүнүндө пайдалануу көрсөткүчүнүн төмөндөөсүнө таасирин тийгизген.

8-график. SWIFT ЖПТдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчү жана операциялык тобокелдиги





SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүн эрежелерине ылайык Улуттук банк банк-катышуучуларга жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө маалымдаган. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнө кошулуу жана аны пайдалануу жөнүндө келишимге ылайык, штаттан тышкаркы жагдайлар орун алган шартта, коммерциялык банктар иште билдирүүлөрдү берүүнүн альтернативдик каражаттарын колдонуусу зарыл. SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.

- **<u>Коммерциялык банктарда төлөм системаларынын ишине мезгил-мезгили менен мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү</u>**

Коммерциялык банктардын Мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык регулятивдик отчетторунун маалыматтарына талдап-иликтөөнүн натыйжасында, 2015-жылдын 2-чейреги ичинде системанын ишинде 232 штаттан тышкаркы жагдай катталган.

9-график. 2015-ж. 2-чейреги ичиндеги коммерциялык банктарда катталган штаттык эмес жагдайлардын негизги себептери




Алынган маалыматтарды талдап-иликтөөнүн жыйынтыгында олуттуу мүнөздөгү штаттан тышкары жагдайдын үлүшү 16,81 пайызды, анчалык олуттуу эместер жагдайлардын үлүшү – 83,19 пайызды түзгөн.

Үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлсө болот:

- *Энергия менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр* – төлөм системасынын ишинде штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 43,97 пайызын түзгөн.




*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* тобокелдиктер олуттуу эмес, анткени банктарда финансылык чыгымдар катталган эмес. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык банктар иш үзгүлтүксүз камсыз кылуу булактары менен жабдылган, бирок электр энергиясынын өчүрүлүшү, банктардын айрым аралыкта орнотулган жабдууларына кесепетин тийгизген.

- *байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөргө* 16,38 пайыз туура келген.
- *аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде үзгүлтүктөр* - 16,81 пайызды ээлеген.